**Ош Мамлекеттик Университетинин Физика-техника факультетинин 550200 “Физика-математикалык билим берүү” багытынын профиль “Физика” адистигинин 2-курсунун ФЕ(б)-1-21 тайпасынын чогулушу.**

29.03.2023
Ош шаары

Төрагасы: М. Курбаналиев
Катчы: А. Эгемназарова
Катышты: 17 студет

**Күн тартиби:**

1. Адаптациялык-педагогикалык практикага даярдык жөнүндө

   Баяндамачы: М. Курбаналиев

**Угулду:** Практика жетекчиси М. Курбаналиев адаптациялык-педагогикалык практиканын милдеттери жөнүндө айтып, төмөнкүлөргө токтолду:

***Адаптациялык-педагогикалык практиканын максаты*** - болочок мугалимдерди кесиптик-практикалык жактан даярдоо жана алардын кесиптик - педагогикалык багытын калыптандыруу.

2. ***Адаптациялык-педагогикалык практиканын милдеттери:***

окуу-тарбия иштерин бийик деңгээлде өткөрүү үчүн керек болгон кесиптик ык, машыгууларды калыптандыруу максатында студенттерди мектептеги түрдүү тарбиялык жана практикалык иш-аракеттерге катыштыруу;

педагогика, психология предметтери боюнча теориялык алган билимдердин мектеп практикасында ишке ашырылышын окуп үйрөнүү;

мектеп админстрациясынын, класс жетекчилердин функционалдык милдеттери менен таанышуу;

өзүнүн тандап алган адистиги боюнча мектептерде өтүлүүчү предметтердин мазмуну, милдеттери, окутуу өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү;

класс жетекчилердин тарбиялык иштеринин системасын окуп үйрөнүү жана тарбиялык сааттарды дублер катары өтүү;

Ошондой эле практика мезгилиндеги студенттердин катышуусу жана адаптация-педагогикалык практиканын жыйынтыгында студент-практикант ээ боло турган компетенциялар жөнүндө жана ишке ашыра турган критерийлер жөнүндө айтып өттү.

**«Сөзгө чыкты»:** Эгемназарова Айчүрөк эжеке да өз оюн билдирди. 2-курстун студенттерин көрсөтүлгөн мектептерге педогогикалык практиканы өтөө үчүн жөнөтүү бир добуштан колдоо тапты.

**«Токтом кылынды»:** 2-курстун старостасы Урмат кызы Жылдыз бир жумалык практикадан кийин ага мектептеги практика боюнча чогулуш уюштуруу милдеттендирилсин.

Төрага: М. Курбаналиев.
Катчы: А. Эгемназарова